# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН ЧЕЧИМДЕРИНИН АТКАРЫЛУУСУНУН СЕРЕБИ

| № п/п | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдери | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдерине ылайык тапшырмалар | Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдерин аткарууга көрүлгөн чаралар | Чечимдердин аткарылышы жөнүндө белги |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2013-жылдын 31-октябрындагы Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» мыйзамынын 42-беренесинин экинчи абзацын, 48- беренесинин экинчи абзацын Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык эмес деп табуу жөнүндө жарандар Ахмаджон Каримович Рахимовдун, Сатаркул Аскарович Мусабаевдин жана Камчыбек Кадыркулович Кудайбергеновдун өтүнүчтөрү боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамынын 42 жана 48-беренелерине тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду токтоосуз киргизүү жөнүндө тапшырма берилген. | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары А. Бекматов, А. Артыков, Г. Скрипкина жана К. Иманалиев тарабынан «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору демилгеленип, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2014-жылдын 19-июнунда кабыл алынып, Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан 2014-жылдын 17-июлунда кол коюлган. | Чечим аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2 | 2013-жылдын 6-ноябрындагы Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 128-беренесин Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайыктуулугун текшерүү жөнүндө жаран Орозобек Капарбекович Мадиновдун өтүнүчүнүн негизинде козголгон иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө тапшырма берилген. | Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан Мыйзам долбоору иштелип чыгып, ал Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 17-мартында № 154 токтому менен бекитилип, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2015-жылдын 5-февралында кабыл алынып, ага Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан 2015-жылдын 10-мартында кол коюлган. | Чечим аткарылды |
| 3 | 2013-жылдын 16-ноябрындагы жарандар Т. Балтабаевдин, И.И. Исаковдун, А. Артыковдун, Т.Б. Мамытовдун, Х.З. Коркмазовдун өтүнүчтөрүнүн негизинде «Кыргыз Республикасына сиңирген эмгеги үчүн пенсиялар жөнүндө» Жобонун 12- пунктунун 2-абзацынын конституциялуулугун таануу жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 19-февралында № 82 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасына сиңирген эмгеги үчүн пенсиялар жөнүндө» Жобонун 12-пунктунун экинчи абзацы конституциялуу эмес деп таанылган. | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 1-апрелиндеги № 196 токтому менен аталган Жобонун 12-пунктунун экинчи абзацы күчүн жоготкон.<br>Андан кийин жогоруда аталган Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому «Кыргыз Республикасына сиңирген өзгөчө эмгеги үчүн пенсиялар жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 26-мартындагы № 162 токтомуна ылайык күчүн жоготкон, анда дагы талашылган ченем алынып салынган. | Чечим аткарылды |
| 4 | 2013-жылдын 19-ноябрындагы «Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик (аскерден тышкары) кызматтар жөнүндө» мыйзамынын 32-беренесинин 1-,4-,7-бөлүктөрү, 35- | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине «Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары А. Баатырбеков, Э. Джумалиева, Э. Исаков, М. Тиленчиева тарабынан «Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө» Мыйзамына толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Мыйзам долбоору иштелип чыгып, Кыргыз | Чечим аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | беренесинин 1-бөлүгү, 36-беренесинин 1-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайыктуулуктарын текшерүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын судьяларынан келип түшкөн суроо талаптарынын негизинде козголгон иш боюнча | аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө» Мыйзамына тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө тапшырма берилген. | Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2015-жылдын 29-июнунда кабыл алынып, Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан 2015-жылдын 7-августунда кол коюлган. | |
| 5 | 2013-жылдын 26-ноябрындагы жарандар Асан Саматович Токтоналиевдин жана Болотбек Сексенбешович Чокморовдун кайрылууларынын негизинде Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 427-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Мыйзам чыгаруучу орган токтотуусуз мамлекеттик кызмат орундарын саясий кызмат орундарына караштуу маселесин Конституциянын талаптарына ылайык, жөнгө салууга, ошондой эле саясий мамлекеттик кызматты өтүү тартибин жана саясий кызмат орундарын ээлеп турган адамдардын мамлекеттик-укуктук статусун аныктоого милдеттендирилген. | «Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2018-жылдын 24-майында кабыл алынып, ага Кыргыз Республикасынын Президенти 2018-жылдын 26-июнунда кол койгон.<br>(Мыйзамдын реквизиттери: 26.06. 2018-ж. № 62). | Чечим аткарылды |
| 6 | 2013-жылдын 23-декабрындагы жаран Евгений Владимирович Осинцевдин кайрылуусунун негизинде Кыргыз Республикасынын Жарандык | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине мыйзамдарга ушул чечимдин жүйөлүү | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2013-жылдын 26-декабрында тиешелүү өзгөртүүлөр кабыл алынып, ага Кыргыз Республикасынын Президенти 2014-жылдын 4-февралында кол койгон. | Чечим аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | кодексинин 282-беренесинин жана Жарандык процесстик кодексинин 209-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | бөлүгүнөн келип чыккан тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө тапшырма берилген. | | |
| 7 | 2013-жылдын 27-декабрындагы жаран Андрей Михайлович Мироновдун жарандар Кушчубай Култаевич Султановдун, Ташкан Жумабаевна Насированын кызыкчылыгындагы, Таалайбек Джапарович Саатовдун жаран Гулайым Абдыганиевна Эркебаеванын кызыкчылыгындагы, Закир Сатарович Максутовдун кайрылуулары боюнча «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине ушул чечимден келип чыккан тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду мыйзам актыларына киргизүү жөнүндө тапшырма берилген. | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары А. Бекматов, Б. Кутушев, Б. Төрөбаев, жана А. Кочкарова тарабынан «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамга өзгөртүүлөрдү караган Мыйзам долбоору иштелип чыгып, ал Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2014-жылдын 26-июнунда кабыл алынып, ага Кыргыз Республикасынын Президенти 2014-жылдын 7-июлунда кол койгон. | Чечим аткарылды |
| 8 | 2014-жылдын 13-январындагы жаран Мамасадык Абдыкалыковдун кайрылуусунун негизинде Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 34-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун ченемдик жобосунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине кылмыш-жаза, жазык-процесстик мыйзамдарына Конституциянын талаптарынан жана ушул чечимден келип чыгуучу тиешелүү өзгөртүүлөрдү | **Эскертүү:** Конституциялык палатанын ЖПКнын 34-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун ченемдик жобосу Конституцияга ылайык келбейт деп таанылган жыйынтыгы талашылып жаткан ченемдин мамлекеттик органдардын кызмат адамдарына жазыктык куугунтуктоо бир гана прокуратуранын компетенциясына тиешелүү болгон байланыштын негизинде келип чыккан.<br><br>Ошондуктан референдум аркылуу Конституцияга | ***Конституция-га, тактап айтканда анын 104-беренесинде, прокуратура органдарынын ыйгарым укуктарын аныктоочу*** |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө тапшырма берилген. | өзгөртүүлөр киргендигине байланыштуу аталган чечимдин аткарылуусу өзүнүн актуалдуулугун жоготкон. | ***бөлүгүнө өзгөртүүлөр киргендигине байланыштуу, контролдон алынды.*** |
| 9 | 2014-жылдын 24-январындагы жаран Гулайым Абдыганиевна Эркебаеванын кызыкчылыгын жактаган Таалайбек Жапарович Саатовдун кайрылуусунун негизинде Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 131-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине Жазык-процесстик кодекске ушул чечимден келип чыгуучу тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө тапшырма берилген. | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары Ө. Текебаев, Т. Туманов, Н. Никитенко, К. Абдиев, Г. Скрипкина, Т. Шайназаров жана Э. Кочкарова тарабынан Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө тиешелүү Мыйзам долбоору иштелип чыгып, ал Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2015-жылдын 29-июнунда кабыл алынып. ага Кыргыз Республикасынын Президенти 2015-жылдын 7-августунда кол койгон. | Чечим аткарылды |
| 10 | 2014-жылдын 7-февралындагы жаран Евгений Владимирович Осинцевдин кайрылуусунун негизинде Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 384-беренесинин жана 387-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине ушул чечимдин жүйөлүү бөлүгүнөн келип чыккан тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө тапшырма берилген. | Мыйзам Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2015-жылдын 29-июнунда кабыл алынып. ага Кыргыз Республикасынын Президенти 2015-жылдын 7-августунда кол койгон. | Чечим аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 11 | 2014-жылдын 19-февралындагы жаран И. Дженалиеванын кайрылуусунун негизинде 2008-жылдын 19-мартындагы № 24 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен Жарандык кодекстин 308-беренесине жана 2009-жылдын 30-мартындагы №103 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен Эмгек кодексинин 234-беренесинин 2-бөлүгүнө киргизилген өзгөртүүлөрдүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республиканын Өкмөтүнө ушул чечимдин жүйөлөштүрүлгөн бөлүгүнөн чыгуучу тиешелүү мыйзам долбоорлорду иштеп чыгып жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизүү жөнүндө тапшырма берилген. | 1)«Эмгек милдеттерин аткарууда кызматкерге иш берүүчүнүн күнөөсү боюнча келтирилген залалдан, кесиптик оорудан же болбосо ден соолугунун башка бузулуусунан келип чыккан зыяндын ордун толтуруунун суммасын керектөө товарларына жана кызмат көрсөтүүлөргө баалардын жогорулаганын эске алуу менен индексациялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2016-жылдын 26-майында кабыл алынып. ага Кыргыз Республикасынын Президенти 2016-жылдын 30-июнунда кол койгон.<br><br>2) «Эмгек милдеттерин аткарууда кызматкерге иш берүүчүнүн күнөөсү боюнча келтирилген залалдан, кесиптик оорудан же болбосо ден соолугунун башка бузулуусунан келип чыккан зыяндын ордун толтуруунун суммасын керектөө товарларына жана кызмат көрсөтүүлөргө баалардын жогорулаганын эске алуу менен индексациялоо тартибин бекитүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому 2017-жылдын 9-февралында кабыл алган. | Чечим аткарылды |
| 12 | 2014-жылдын 5-мартындагы Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 26-беренесинин 6-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө жарандар Болот Овматович Раяпов жана Муратбек Аланович Асановдун өтүнүчтөрү | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ушул чечимдин негизинде тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө | Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексин кабыл алып жатканда мыйзам чыгаруучу орган тарабынан, Конституциялык палатанын чечимин аткаруу максатында, судьяны ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндө Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясынын чечимдеринин даттануу тартиби каралган (аталган Кодекстин 21-главасы).<br><br>Тартип комиссиясынын чечимин даттанылышынын | Чечим аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | боюнча | тапшырма берилген. | тартиби тууралуу ченеми «Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясы жөнүндө» Мыйзамында каралган (24-берене).<br><br>«Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 26-беренеси «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» конституциялык Мыйзамына ылайык күчүн жоготту. | |
| 13 | 2014-жылдын 19-мартындагы жарандар Венера Ташмухамедовна Шаяхметованын жана Марита Давлетовна Шаяхметованын кайрылуусунун негизинде Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 28-беренесинин 1-бөлүгүнүн 11-пункту жана 384-беренесинин 3-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине Жазык-процесстик кодексинин 384-беренесинин 3-бөлүгүнө ушул чечимге ылайык толуктоо киргизүү жөнүндө тапшырма берилген. | Мыйзам Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2015-жылдын 29-июнунда кабыл алынып, ага Кыргыз Республикасынын Президенти 2015-жылдын 7-августунда кол койгон. | Чечим аткарылды |
| 14 | 2014-жылдын 11-апрелиндеги Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн берилген сунуштамасына байланыштуу «Кыргыз Республикасынын 2013-жылга республикалык бюджети жана 2014−2015-жылдарга болжолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын | «Кыргыз Республикасынын 2013-жылга республикалык бюджети жана 2014−2015-жылдарга болжолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5- | Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 31-декабрындагы № 183 Мыйзамы менен «Кыргыз Республикасынын 2014-жылга республикалык бюджети жана 2015-2016-жылдарга болжолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр киргизилген, анда талашылган абзац алынып салынган. | Чечим аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 5-беренесинин 2-бөлүгүнүн экинчи абзацын жана «Кыргыз Республикасынын 2014-жылга республикалык бюджети жана 2015−2016-жылдарга болжолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесинин 2-бөлүгүнүн экинчи абзацынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | беренесинин 2-бөлүгүнүн экинчи абзацы жана «Кыргыз Республикасынын 2014-жылга республикалык бюджети жана 2015−2016-жылдарга болжолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесинин 2-бөлүгүнүн экинчи абзацы Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет деп таанылган. | | |
| 15 | 2014-жылдын 4-июнундагы «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» 2013-жылдын 16-октябрында кабыл алынган № 192 Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин 5-бөлүгүнүн сегизинчи абзацынын, 2-беренесинин 2-бөлүгүнүн, 3-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө жарандар А.Ш. Осмонова жана А.А.Тагаевдин | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ушул чечимдин негизинде тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө тапшырма берилген. | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары Б. Төрөбаев, А. Бекматов жана М. Абдылдаев тарабынан Мыйзам долбоору демилгеленип, ал Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2015-жылдын 21-январында кабыл алынып, ага Кыргыз Республикасынын Президенти 2015-жылдын 17-февралында кол койгон. | Чечим аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | өтүнүчүнүн негизинде козголгон иш боюнча | | | |
| 16 | 2014-жылдын 9-июлундагы жаран Нурбек Акбарович Токтакуновдун кайрылуусунун негизинде Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 184-беренесинин 3-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине Жазык-процесстик кодексине Кыргыз Республикасынын Конституциясынын талаптарынан жана ушул чечимден келип чыгуучу тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө тапшырма берилген. | Мыйзам Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2015-жылдын 29-июнунда кабыл алынып, ага Кыргыз Республикасынын Президенти 2015-жылдын 7-августунда кол койгон. | Чечим аткарылды |
| 17 | 2014-жылдын 11-июлундагы «United Cement Group PLC» компаниясынын, «Эмгек Курулуш», «Ташкөмүр», «Пансионат «Витязь» «О.К.К.В.» жоопкерчилиги чектелген коомдорунун жана жарандар С.Л. Калимова, Б.А. Байгобылов, В.В. Баевдин жана башкалардын кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 3-ноябрындагы №146 «Жалал-Абад шаары, Курманбек көчөсү, 8 дареги боюнча жайгашкан жер участогунун жана турак эмес жайларды | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө Убактылуу Өкмөттүн Декреттери боюнча талаш-тартыш маселелерди бир убакыттын ичинде чечүүнү камсыз кылган укуктук механизмдерди жана мыйзамдуу менчик ээлеринин мүлктүк укугун калыбына келтирүү мүмкүндүгүн түзүп берүү жөнүндө тапшырма берилген. | «Мүлктүк укуктарды калыбына келтирүү жөнүндө 2010-жылы Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн декреттерине ылайык улутташтырылган мүлктүн мурдагы менчик ээлеринин кайрылууларын кароонун тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 25-декабры № 619 токтому кабыл алынды. | Чечим аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | улутташтыруу жөнүндө»; 2010-жылдын 3-июнундагы №60 «Ташкөмүр» жоопкерчилиги чектелген коомун улутташтыруу жөнүндө»; 2010-жылдын 12-августундагы №121 «Кант цемент заводу» ачык акционердик коомунун акцияларынын 13,21% улутташтыруу жөнүндө»; 2010-жылдын 20-майындагы №48 «Пансионаты Витязь» жоопкерчилиги чектелген коомунун жер участогун жана объекттерин улутташтыруу жөнүндө»; 2010-жылдын 19-июлундагы №99 «Аврора Грин» ден соолукту чыңдоочу-туристтик комплекстин объекттерин улутташтыруу жөнүндө» Декреттеринин, Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 28-сентябрындагы №130 «Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн айрым декреттерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Декретинин 4-пунктунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | | | |
| 18 | 2014-жылдын 4-сентябрындагы «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши | «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү | Чечим аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесинин 2, 3- бөлүктөрүнүн жана 10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-абзацынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Иегова күбөлөрүнүн диний борборунун өтүнүчү боюнча | «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына аталган чечимден келип чыккан тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө милдеттендирилген. | жөнүндө мыйзамы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2019-жылдын 13-ноябрында кабыл алынып, Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан 2019-жылдын 21-декабрында (№ 140) кол коюлган.<br><br>**Эскертүү:** аталган Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен 10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-абзацындагы «жергиликтүү кенеш менен макулдашылган» деген сөздөрдөн турган ченем алынып салынган. | |
| 19 | 2014-жылдын 24-сентябрындагы «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде депутаттык топторду түзүүгө жана алардын иш алып баруусуна мүмкүнчүлүк түзгөн ченемдик жоболордун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө жаран Э.А. Кочкарованын, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин «Республика» жана «Ата-Журт» фракцияларынын кайрылуулары боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ушул чечимден келип чыгуучу тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө тапшырма берилген. | Конституциялык палатанын чечимин аткаруу үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары Э. Кочкарова, К. Абдиев, М. Абдылдаев, Б. Мамырова, Г. Скрипкина, К. Өмүрбеков, З. Бекбоев, Т. Левина, М. Сабиров жана К. Дыйканбаев тарабынан тиешелүү Мыйзам долбоору иштелип чыгып, ал Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2015-жылдын 18-июнунда кабыл алынып, ага Кыргыз Республикасынын Президенти 2015-жылдын 28-июлунда кол койгон. | Чечим аткарылды |
| 20 | 2014-жылдын 19-декабрындагы жаран Курманбек Белекович | Кыргыз Республикасынын | Мыйзам Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2015-жылдын 29-июнунда кабыл | Чечим аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Иманалиевдин жана Юлия Алексеевна Богдановanын жаран Куручбек Уялович Айталиевдин кызыкчылыгындагы кайрылуулары боюнча Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 339-беренесинин 2-бөлүгүнүн ченемдик жобосунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Жогорку Кеңешине Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине ушул чечимдин жүйөөлүү бөлүгүнөн келип чыккан тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө тапшырма берилген. | алынып, ага Кыргыз Республикасынын Президенти 2015-жылдын 7-августунда кол койгон. | |
| 21 | 2015-жылдын 18-февралындагы жаран Данияр Асанович Сарбагишевдин кайрылуусунун негизинде 2013-жылдын 3-августундагы №182 «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоолорду жана өзгөртүү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине «Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарына ден соолугунун абалы боюнча альтернативдик кызматтан өткөн адамдарды прокуратура органдарына жана мекемелерине кызматка алуунун мүмкүндүгүн камсыз кылуучу өзгөртүүлөр менен толуктоолор киргизүү | Мыйзам Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2015-жылдын 26-июнунда кабыл алынып, ага Кыргыз Республикасынын Президенти 2015-жылдын 28-июлунда кол койгон. | Чечим аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | жөнүндө тапшырма берилген. | | |
| 22 | 2015-жылдын 4-мартындагы жаран Нурбек Акбарович Токтакуновдун кайрылуусунун негизинде Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 325-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 325-беренеси «өкүм мыйзамдуу күчүнө кирээри менен» деген сөздөр менен берилген ченемдик жобосу, актоочу өкүмгө тиешелүү бөлүктө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин 1-бөлүгүнө, 26- беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таанылган. | Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 7-августунун № 222 Мыйзамы менен Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине өзгөртүүлөр киргизилген, анда соттолуучу акталганда, камакка алынган соттолуучу сот залында токтоосуз бошотулууга тийиш. Актаган өкүмдү чыгарган сот ошол эле учурда акталган адамга карата өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин камакка алуу менен байланышпаган бөгөт коюу чарасын тандайт. | Чечим аткарылды |
| 23 | 2015-жылдын 11-мартындагы жарандар Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун, Раимкул уулу Касымбектин, Жаманкул Жунусовдун жана Акин Усубалиевич Токталиевдин кайрылуусунун негизинде Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамынын кээ бир ченемдик жоболорунун конституциялуулугун текшерүү | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ушул чечимдин жүйөлөөчү бөлүгүнөн келип чыккан тиешелүү өзгөртүү жана | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты А.Скрипкина тарабынан «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Мыйзам долбоору демилгеленип, ал Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2016-жылдын 15-июнунда кабыл алынып, ага Кыргыз Республикасынын Президенти 2016-жылдын 27-июлунда кол койгон. | Чечим аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | жөнүндө иш боюнча | толуктоолорду киргизүү жөнүндө тапшырма берилген. | | |
| 24 | 2015-жылдын 8-апрелиндеги жарандар Дастан Далабаевич Бекешовдун жана Улукбек Бактыбекович Турдубековдун кайрылуусуна байланыштуу Административдик жоопкерчилик жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексинин 228-беренесине эскертүүнүн жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 21-февралындагы №59 «Автомобилдин алдыңкы каптал айнектеринен көрүүнүн чектелишин - күңүрттөөнүн (жабуунун) болушун талап кылган атайын автотранспорт каражаттарынын тизмесин бекитүү жөнүндө» токтомунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине Административдик жоопкерчилик жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексинин 228-беренесине ушул чечимдин жүйөөлүү бөлүгүнөн келип чыккан тиешелүү толуктоолорду киргизүү жөнүндө тапшырма берилген. | Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 2016-жылдын 30-июнунда № 363 токтому кабыл алынган. | Чечим аткарылды |
| 25 | 2015-жылдын 10-июнундагы жарандар Айнур Мусаевна Осмоналиеванын, Бектур Камильевич Осмонбаевдин жана Гульзар Абдыбековна Суталинованын кайрылуусуна байланыштуу «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине мыйзам чыгаруучу актыларга ушул чечимден келип чыгуучу тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду | Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору демилгеленип жана 2016-жылдын 19-январында № 19 токтому менен бекитилип, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан | Чечим аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 3-бөлүгүнүн биринчи сүйлөмүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | киргизүү жөнүндө тапшырма берилген. | 2016-жылдын 15-июнунда кабыл алынып, ага Кыргыз Республикасынын Президенти 2016-жылдын 20-июлунда кол койгон.<br><br>**Эскертүү:** аталган Мыйзам менен «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 3-бөлүгүнүн биринчи сүйлөмү (Конституцияга карама-каршы келгендиктен) алынып салынды. | |
| 26 | 2015-жылдын 16-декабрындагы жаран Айылчы Сарыбаевдин кызыкчылыгын көздөгөн Абилмажин Субанбековдун кайрылуусу боюнча Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 378-беренесинин 4-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине ушул чечимден келип чыгуучу тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө тапшырма берилген. | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Садык Шер-Нияз тарабынан «Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине өзгөртүү киргизүү жөнүндө» Мыйзам долбоору демилгеленип, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2016-жылдын 5-октябрында кабыл алынып, ага Кыргыз Республикасынын Президенти 2016-жылдын 11-ноябрында кол койгон.<br><br>**Эскертүү:** Конституциялык палатанын ушул чечиминде көрсөтүлгөн позициясына ылайык, жогорудагы өзгөртүүлөр менен Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 378-беренесинин 4-бөлүгүнүн «факультеттердин декандары» деген сөздөр алынып салынган. | Чечим аткарылды |
| 27 | 2016-жылдын 17-февралындагы «Фармация» ачык акционердик коомунун өкүлү Н.Б. Кочкорбаеванын Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 215-беренесинин 2-пунктунун конституциялуулугун | Кыргы Республикасынын Жогорку Кеңешине Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине ушул чечимдин | Мыйзам Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2020-жылдын 11-июнунда кабыл алынып, ага Кыргыз Республикасынын Президенти 2020-жылдын 22-июлунда кол койгон. | Чечим аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | текшерүү жөнүндө иш боюнча | жүйөлөөчү бөлүгүнөн келип чыккан тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө жөнүндө тапшырма берилген. | | |
| 28 | 2017-жылдын 17-февралындагы жаран Куватбек Тунгучбекович Шатмановдун «Интерлизинг» жоопкерчилиги чектелген коомунун кызыкчылыгындагы кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 149-беренесинин 2 жана 7-беренелеринин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине ушул чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүн эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Салык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө тапшырма берилген. | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2017-жылдын 19-январындагы токтому менен «Кыргыз Республикасынын Салык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынып, ага Кыргыз Республикасынын Президенти 2017-жылдын 20-февралында кол койгон. | Чечим аткарылды |
| 29 | 2017-жылдын 7-июнундагы жаран Замирбек Тургунбаевич Жоошевдин кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине ушул чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнүн 4-пунктуна ылайык Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгүнө тийиштүү өзгөртүү киргизүү жөнүндө тапшырма берилген. | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2017-жылдын 26-октябрындагы токтому менен «Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынып, ага Кыргыз Республикасынын Президенти 2017-жылдын 4-декабрында кол койгон.<br><br>**Эскертүү:** Конституциялык палатанын ушул чечиминде көрсөтүлгөн позициясына ылайык, жогорудагы өзгөртүүлөр менен Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 94-беренесинин 2-бөлүгүндөгү «ошондой эле» деген сөздөр алынып салынган. | Чечим аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 30 | 2017-жылдын 5-июлундагы Бекболот Жыргалбекович Касаболотовдун кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 60-беренесинин 4- бөлүгүнүн 7-пунктунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча. | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши аталган Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнүн 4-пунктуна ылайык Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 60-беренесинин 5-бөлүгүнө тиешелүү өзгөртүү киргизүүсү каралган. | «Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоору иштелип чыгып, ал Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 27-февралындагы токтому менен бекитилип, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизилген.<br><br>2017-жылдын 2-февралындагы № 20 Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин жаңы редакциясында аталган мыйзам долбоордун жоболору каралгандыктан, мыйзам долбору Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 25-декабрындагы № 629 токтому менен кайра кайтарылган<br><br>2017-жылдын 2-февралындагы № 20 Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодекси:<br>**58-берене. Күбө**<br>4. Төмөнкүлөр күбө катары суракка алынууга жатпайт:<br>6) шектүүнүн, айыпкердин жакын туугандары, жубайы;<br>5. Эгерде аталган берененин 4-бөлүгүнүн 6-пунктунда аталган адамдар көрсөтмө берүүнү каалаcа, анда алар жогоруда аталган Кодекстин эрежелери боюнча суракка алынат. | Чечим аткарылды |
| 31 | 2018-жылдын 14-февралындагы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) «Кыргыз Республикасынын | «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз | «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу КР Мыйзамы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2020-жылдын 11-июнунда кабыл | Чечим аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-беренесинин 4-бөлүгүнүн 1-4-пункттарынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Республикасынын Мыйзамынын 19-беренесинин 4-бөлүгүнүн 1, 2, 3, 4-пункттары Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таанылган. | алынып, ага Кыргыз Республикасынын Президенти 2020-жылдын 18-июлунда кол койгон. | |
| 32 | 2018-жылдын 30-майындагы Тимур Султанович Султановдун кайрылуусуна байланыштуу «Тышкы миграция жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 46-беренесинин биринчи бөлүгүнүн 8-пунктунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | «Тышкы миграция жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 46-беренесинин биринчи бөлүгүнүн 8-пункту Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 1-бөлүгүнө, 20- беренесинин 1, 3-бөлүктөрүнө, 25-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таанылган. | «Тышкы миграция жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенеши тарабынан 2019-жылдын 5-декабрында кабыл алынып, Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан 2020-жылдын 14-январында (№1) кол коюлган.<br><br>**Эскертүү:** аталган Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен «Тышкы миграция жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 46-беренесинин биринчи бөлүгүнүн 8-пункту *(карама-каршы келет деп таанылган)* күчүн жоготту деп табылган. | Чечим аткарылды |
| 33 | 2018-жылдын 19-сентябрындагы Алтынбек Бакытбекович Мусаевдин, Арстанбек Сарыевич Досалиевдин кызыкчылыгын көздөгөн Мукар Шалтакович Чолпонбаевдин, ошондой эле Каныбек Ташбалтаевич Туратовдун кайрылуусуна | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө ички иштер органдарынын кызматкерлерин бошотуу тартибинин колдонуудагы укуктук жөнгө | «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 20-июнундагы № 360 «Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын катардагы жана жетектөөчү курамынын кызмат өтөшүү жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 29-январында № 30 токтому кабыл алынды. | Чечим аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | байланыштуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 20-июнундагы № 360 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын катардагы жана жетектөөчү курамынын кызмат өтөөсү жөнүндө жобонун 106-пунктунун «ч» пунктчасынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | салынышына ушул чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүндө чагылдырылган укуктук көз караштан улам өзгөртүүнү демилге кылуу жөнүндө тапшырма берилген. | | |
| 34 | 2018-жылдын 3-октябрындагы Нурбек Акбарович Токтакуновдун кайрылуусуна байланыштуу «Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмердигинин кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Өкмөтү «Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмердигинин кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына аталган Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнөн келип чыккан тийиштүү өзгөртүүнү демилге кылсын. | «Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмердигинин кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенеши тарабынан 2019-жылдын 4-апрелинде кабыл алынып, Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан 2019-жылдын 15-майында (№61) кол коюлган. | Чечим аткарылды |
| 35 | 2018-жылдын 17-октябрындагы Бермет Анарбековна Джолдошалиева, Ахмат Киргизбаевич Алагушев, Надежда Ивановна Алишева, Бегаим | Кыргыз Республикасынын Өкмөтү «Кыргыз Республикасынын Президентинин | «Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмердигинин кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы Кыргыз Республикасынын Жогорку | Чечим аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Джолдошбековна Усенова, Алтынай Бакытбековна Исаеванын кайрылуусуна байланыштуу «Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмердигинин кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | ишмердигинин кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына Кыргыз Республикасынын Президентинин арнамысын жана аброюн соттук тартипте мүмкүн болуучу моралдык зыяндын суммасын аныктоо менен коргоого Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору тарабынан анын макулдугун алууну жана талашылып жаткан ченемди калган бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 33 жана 104-беренелерине ылайык келтирүүнү караштырган өзгөртүүнү демилге кылсын. | Кенеши тарабынан 2019-жылдын 4-апрелинде кабыл алынып, Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан 2019-жылдын 15-майында (№61) кол коюлган. | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 36 | 2019-жылдын 16-январындагы Нургул Абыкеевна Бейшембаеванын кызыкчылыгын көздөгөн Самед Али оглы Самедовдун кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1994-жылдын 18-июлундагы № 521 токтому менен бекитилген Мамлекеттик алымдын ставкаларынын 1-пунктунун «а» пунктчасынын төртүнчү абзацынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө ушул чечимдин 1-пунктунда белгиленген мөөнөттөн кечиктирбестен жана анын жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнөн келип чыккан мамлекеттик алымдын ставкаларынын укуктук жөнгө салынуусуна тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө тапшырма берилген. | «Мамлекеттик алымдын ставкаларын бекитүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 15-апрелиндеги № 159 токтому кабыл алынды. | Чечим аткарылды |
| 37 | 2019-жылдын 06-мартындагы Куланбек уулу Айбектин кайрылуусуна байланыштуу, «Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 31-беренесинин 1-бөлүгүнүн он экинчи абзацынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 25-апрелиндеги № 185 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө, башка аскердик түзүлүштөрүндө жана мыйзам менен аскердик кызмат каралган мамлекеттик | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө ушул Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнө ылайык мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу демилге кылууга тапшырма берилген. | "КР айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы («Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө Мыйзамдарына», Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Тартип уставына) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенеши тарабынан 2020-жылдын 8-июнунда кабыл алынып, Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан 2020-жылдын 29-июлунда кол коюлган. | Чечим аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | органдарында офицердик курамдын жана прапорщиктердин контракт боюнча аскердик кызматты өтөөсүнүн (запаста болуунун) тартиби жөнүндө Жобонун 22-пунктунун тогузунчу абзацынын, 186-пунктунун 61-пунктчасынын, 187-пунктунун бешинчи абзацынын, Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Тартип уставынын 91-пунктунун үчүнчү абзацынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | | | |
| 38 | 2019-жылдын 26-июнундагы Азизахан Арибжанованын өкүлү Каныбек Насаркулович Муратбаевдин жана «Малаташ Голд» жоопкерчилиги чектелген коомунун кайрылууларына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин 271-беренесинин “бирок сот актысы мыйзамдуу күчүнө кирген күндөн тартып үч жылдан кеч эмес мезгилде ишти караган сотко берилет” деген ченемдик жобонун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин 271-беренесинин “бирок сот актысы мыйзамдуу күчүнө кирген күндөн тартып үч жылдан кеч эмес мезгилде ишти караган сотко берилет” деген ченемдик жобосу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 1-бөлүгүнө, 5-бөлүгүнүн 3, 8-пункттарына, 40-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таанылган. | «Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2020-жылдын 11-июнунда кабыл алынып, ага Кыргыз Республикасынын Президенти 2020-жылдын 18-июлунда кол койгон. | Чечим аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 39 | 2019-жылдын 11-сентябрындагы Максатбек Мергенбаевич Жорокулов, Ксения Леонидовна Тишинина, «Бишкеккурулуш» өндүрүштүк-курулуш фирмасы» ачык акционердик коому, Бермет Тазабековна Джаныкулованын кайрылууларына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин 333-беренесинин 3-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин 333-беренесинин 3-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 3, 8-пункттарына, 40-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таанылган. | «Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Мыйзамы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2020-жылдын 25-июнунда кабыл алынып, ага Кыргыз Республикасынын Президенти 2020-жылдын 14-августунда кол койгон. | Чечим аткарылды |
| 40 | 2020-жылдын 30-сентябрындагы Аскар кызы Жанаранын кайрылуусуна байланыштуу «Кыргыз Республикасында дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесинин 3-бөлүгүнүн 4-пунктунун жана 13-беренесинин 2-бөлүгүнүн төртүнчү абзацынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | «КыргызРеспубликасындагы дин тутуу жана диний уюмдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесинин 3-бөлүгүнүн 4-пунктунун жана 13-беренесинин 2-бөлүгүнүн төртүнчү абзацынын «жергиликтүү кеңештер менен макулдашылган» деген сөздөр менен баяндалган ченемдик жоболору Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 32-беренесинин 1, 2, 3- | «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү жөнүндө мыйзамы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2021-жылдын 21-апрелинде кабыл алынып, Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан 2021-жылдын 22-майында (№ 63) кол коюлган. | Чечим аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | бөлүктөрүнө карама-каршы келет деп таанылган. | | |
| 41 | 2020-жылдын 14-октябрындагы Азимбек Анаркулович Бекназаров, Шамшыбек Осмонкулович Медетбеков жана Жыргалбек Асекович Касаболотовдун кайрылууларына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 3-апрелиндеги №197 «Идентификациялык карта – Кыргыз Республикасынын жаранынын 2017-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта) жөнүндө» токтому менен бекитилген Идентификациялык карта – Кыргыз Республикасынын жаранынын 2017-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта) жөнүндө жобонун 3-пунктунда этностук таандыгы тууралуу маалыматтын ачык көрсөтүлбөгөндүгүнүн жана «этностук таандыгы (арыз ээсинин каалоосу менен)» деген маалыматтын электрондук чипте камтылышынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 3-апрелиндеги №197 «Идентификациялык карта - Кыргыз Республикасынын жаранынын 2017-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта) жөнүндө» токтому менен бекитилген Идентификациялык карта - Кыргыз Республикасынын жаранынын 2017-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта) жөнүндө жобонун 3-пунктунда «этностук таандыгы (арыз ээсинин каалоосу менен)» деген графанын көрсөтүлбөгөндүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 38-беренесине карама- | «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 3-апрелиндеги №197 «Идентификациялык карта - Кыргыз Республикасынын жаранынын 2017-жылдын үлгүсүндөгү паспорту (ID-карта) жөнүндө»» токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 14-декабрындагы № 605 токтому кабыл алынды. | Чечим аткарылды |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | каршы келет деп таанылган. | | |